**КАРАЛДЫ**
**№1 педагогикалык кеңеште**
**30.08.2022**

**БЕКИТЕМИН**
**Н.Рахманов атындагы орто мектебинин директору**
**__________ Дюшенбаева С.Э.**
**01.09. 2022**

# Нурлан Рахманов атындагы орто мектебинин

# баланын укуктарын камсыз кылуунун негизги багыттары жөнүндө жобо.

1. Жалпы жоболор:
   1.1 Балдарга колдоо көрсөтүү
   - Колдоого муктаж балдар жөнүндө маалыматтарды түзүү
   - Балдар менен иштөөдө мамлекеттик органдар менен коомдук уюмдардын натыйжалуу кызматташуусун координациялоо жана уюштуруу
   - Коргоого муктаж балдар менен иштөөнү камсыз кылуу

   1.2 Балдар менен болгон иш-аракеттерди социалдык-психологиялык кызмат жетекчиликке алат
   - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында
   - Балдардын укугун коргоо концепциясында
   - КРнын үй-бүлө кодексинде
   - КРнын “Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн укугун коргоо” жөнүндөгү мыйзамында
   - КРнын “Билим берүү” жөнүндөгү мыйзамында
   - КРнын социалдык  коргоо тармагынын башка ченемдик укуктук актыларында

   1.3 Социалдык-психологиялык кызмат бардык категориядагы балдар менен иштейт Иштин формалары социалдык-психологиялык кызматтын  адистери тарабынан аныкталат жана жеке иш планында чагылдырылат

   1.4 Социалдык-психологиялык кызмат өз ишин жергиликтүү билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык коргоо  органдары, жашы жете электердин иштери боюнча комиссиялар, ички иштер, органдарынын жашы жете электердин иштери боюнча инспекциялары, коомчулук менен тыгыз байланышта өз компетенциясынын чегинде иш жүргүзөт.

## Негизги милдеттери жана фукциялары

2.1 Балдардын мектептеги абалын изилдөө, талдоо жана баалоо, социалдык паспорттордун, маалымат базаларынын маалыматтарынын негизинде алардын социалдык кызматтарга муктаждыгы аныкталат

2.2 Баланын укуктарын коргоо боюнча иштерди уюштуруу, координациялоо жана болжолдоо

2.3 Балдарды коргоо жана колдоо милдеттерин аткаруу боюнча педагогикалык жамааттын ишин активдештирүү

2.4 Балдарга пландык жана шашылыш жардам көрсөтүү

2.5 Балдарды колдоо маселелери боюнча улуттук жана эл аралык валонтерлор менен кызматташуу

2.6 Класс жетекчилер менен бирдикте балдардын маалымат базасын түзүү жана дайыма жаңыртуу

**Ишти уюштуруу**

3.1 Жергиликтүү мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бардык түзүмдүк бөлүмдөрү менен иш жүргүзүлөт

3.2 Бир жылга жана бир айга түзүлгөн планга ылайык социалдык-психологиялык кызмат балдарды колдоо боюнча маселелерди даярдайт жана жыйналыштардын талкуусуна коет

3.3 Бул кызматтын иши жеткиликтүүлүк, купуялуулук жана балдарга жана алардын социалдык муктаждыктарына көңүл буруу принциптерине негизделген

**Функционалдык милдеттери**

Кызматтын адистери

4.1 Социалдык паспорттогу маалыматтарынын негизинде балдардын чыныгы абалын изилдейт жана талдайт, жетишпеген маалыматтарды сурайт

4.2 Учурдагы иштерди уюштуруу

4.3 Колдоого муктаж балдардын маалымат базасын түзүү жана жаңылоо

4.4 Балдарды коргоо боюнча жекече иш пландарын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга көзөмөл кылуу

4.5 Анализ жүргүзүү жана отчет түзүү

**Функционалдык милдеттери**

Социалдык-психологиялык кызмат

5.1 Категориялар боюнча балдарды толук эсепке алуу

5.2 Иштин формалары менен баланы коргой турган пландарды аныктоо

5.3 Балдар менен жекече иштөө жана балдарды коргой турган жөнүндөгү пландарды иштеп чыгуу

5.4 Социалдык иштер боюнча адистер менен  иш жүргүзүү

5.5 Балдардын абалына туруктуу мониторинг жүргүзүү

5.6 Ылдам чакырууларга жетишип баруу

5.7 Балдарга жана алардын ата-энелерине жеке кабыл алуу өткөрүү